**Ош Мамлекеттик Университети**
**Эл аралык медицина факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын**
**№2 ПРОТОКОЛУ**

*31.10.22. Ош шаары*

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: *м.и.д.,проф. Калматов Р.К.*
Окумуштуулар кеңешинин катчысы: *б.и.к., доцент Ташматова Н.М.*
Катышкандар: ___________
Келбегендер: *себептүү*
Чакырылгандар: *жок*

## КҮН ТАРТИБИ:

1. **Эл аралык медицина факультетинин 2021-2022 – окуу жылына карата өндүрүштүк практика иштеринин жыйынтыктарына анализ, алдыдагы милдет, максаттары жөнүндө.**
2. **PhD докторантуранын 2022-2023-окуу жылына карата Окуу планын бекитүү**
3. **Ар түрдүү маселелер.**

*Кыргыз Республикасынын Гимни угулду.*

**2. PhD докторантуранын 2022-2023-окуу жылына карата окуу планы.**

**Угулду:** Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: м.и.д.,проф. Р.К. Калматов PhD докторантуранын 2022-2023-окуу жылына карата окуу планын Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнө таркатылып, талкулап, кошумча сунуштарды берүүсүн айтты жана PhD докторантура боюнча жооптуу доцент, б.и.к., А.А. Момуновага сөз берди.

**Момунова А.А.:** Сиздер билгендей эле өткөнкү жылы 3-деңгээлдик PhD докторантура ачылды. Өткөнкү жыл үчүн окуу планы бекитилген. Бул окуу жылы үчүн окуу планы факультеттин Окумуштуулар кеңешинде, андан кийин ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде каралышы керек деген муктаждык пайда болду. Эмнеге мындай муктаждык пайда болду. Мында 2-3-курстарда көпчүлүк предметтерди кыскарттык жана аларды 1- жана 2-семестрлерге койдук, ал эми 3-4-семестрлерге практика жана докторанттардын илимий-изилдөө иштерин койдук. Дагы бир айырмачылыгы 18 жума эмес, 16. Андан сырткары дагы мурда 40/60 болсо, азыр аудитордук сааттар 30/70ке кыскарттык. Негизинен базалык предметтер калды. Академиялык катты киргиздик. Мында эссе, реферат, статья жазганды үйрөнүшөт. Ошондой эле илимий семинарды киргиздик. Семинарда докторанттар өздөрүнүн илимий иштери боюнча баяндама жасашат. Дагы докторанттардын кылган иштерин текшерген функция кошулду. Практика 2-семестрде эле, биз аны 3-4-5-семестрге жылдырдык. 5 кредик башында бир гана педагогикалык практика болот. Ушул жерде алар ар түрдүү интерактивдүү методдорду да колдонууну карашат. Андан ары аларга тандоо үчүн 10 кредитти калтырдык. Анда алар Кыргызстандан сырткаркы жерде, алардын жетекчилери иштеген жерде стажировка өтүш керек. Жайкы же кышкы мезгилге карабай өтүш керек.

**Калматов Р.К.:** Рахмат. Коллегалар суроолоруңуздар барбы?

**Муратов Ж.К.:** Айгуль Абдыкеримовна аудиториялык сааты 20/80 кылып койсонуз болбойбу?

**Момунова А.А.:** Менда ушул сунушту киргиздим, бирок башка PhD докторантура НББП ОшМУда бар. Азыркы учурда бизде окуу жайда 5 программа бар. Өткөнкү жылы 2 эле программа болсо, азыркы учурда дагы 3 жаны программа кошулду. Бул физика, экономика ж.б. мен 20/80 пайызды сурандым,бирок, 30/70 уруксат алдык. Кийинки жылга аракет кылабыз. Эгерде алар да макулдугун беришсе, аудиториялык сааттарды максимум кыскартабыз. Лекцияларын көрдүнүздөр, 8 сааттан 4 пара, ОшМУдан сыркары иштеген

профессорлорго, онлайн форматта. Менин дагы сунушум, Moodle технологиясын үйрөнүп, колдонушубуз керек.  Бардык ПО курам колдонушу керек. Мисалы ZOOM аркылуу болбогон программалар, үй тапшырмалар жасай албасак, Moodle аркылуу жакшы болот.

**Турусбекова А.К.:** мен дагы сизге азыр Excelдин сырткары заманбап программаларын сунуштамакмын.Докторанттардын илимий-изилдөө иштеринде колдонсо оңой болмок.

**Момунова А.А.:** Бул жерде көрүнүп тургандай, мурда биостатистика жана этика болсо, азыр прикладная статистиканы өзүнчө койдук. Дисциплина, б.а. элективдик курс кылып койдук. Бул предметти медициналык статистиканы түшүнгөн жакшы адис берет.

**Курбанбаев О.И.:** Кыргызстанда PhD докторантура официалдуу кабыл алындыбы?

**Момунова А.А.:** Кыргызстан боюнча Өкмөттүн № 601 токтому бар.

**Курбаналиев А.Ы.:** Менде илимий семинар боюнча суроо бар. Илимий семинар 2-семестрде каралыптыр. Анда аткарган илимий иштери боюнча отчет берет. Калган семестрлерде бар экен. Бул жерде логикасын көрбөдүм. Эмне жумуш аткарат.

**Момунова А.А.:** Илимий семинар бул мезгилге чейин жок эле. Бул аябай керектүү деп киргиздик. Киргизгенде 2-семестрде текшерүү катарында, кантип изилдөө жүргүзүү, аны башкаруу деген, андан ары биз аларга кое албайбыз.

**Калматов Р.К.:** Рахмат. Коллегалар дагы суроонуздар барбы? Жок болсо, мен кээ бир суроолорго жооп берип коеюн. Али Аббастын PhD докторантурасы чет элдик болгондуктан, ал нострификациядан өтүшү керек. Ал эми биздики бул – Кыргызстандыкы. Аны нострификациядан өткөрүштүн кереги жок. Бир гана суроо пайда болуп жатат. Дипломду ким берет? PhD докторантуранын Жобосунда дипломду Университет берет деп турат. Бирок азырынча бул үлгү иштелип чыга элек. Бирок иш жүрүп жатат. НАК болсо өзү бергиси келип жатат. Аларда да бир Жобосунда кандидаттык, доктордук жана PhD докторантуранын дипломун НАК бериш керек деген жазуу бар экен.

**Калматов Р.К.:** PhD докторанттар боюнча маалымат берип коесузбу?

**Момунова А.А.:** Азыркы учурда 2-курста 13 докторант, 1-курста  16 докторант кабыл алынган. Башка программалар менен салыштырганда аябай чоң айырма, бул чоң көлөмдөгү жумуш, жоопкерчиликтуу жана кийинки жумадан сабактар башталат. Окутуучулар баары илимий даражасы менен болуш керек.

**Калматов Р.К.:** Рахмат.

Бул маселе боюнча ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин 2022-2023 – окуу жылына карата PhD докторантуранын окуу планын талкуулоонун жана жарыш сөздөрдө  айтылган сунуштардын негизинде Окумуштуулар Кеңеши

**ТОКТОМ   кылат:**

1. 2022-2023 –окуу жылына карата PhD докторантуранын иш планын бекитүү жөнүндө университеттин ОМБно сунуш берилсин;

**3. Ар түрдүү  маселелер.**

**Угулду:** Окумуштуулар Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: м.и.д.,проф. Р.К. Калматов:  Ар түрдүү маселе боюнча кимде бар суроо бар?

**Ташматова Н.М.:** 2022-2023-окуу жылынын март айында ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинде Эл аралык медицина факультетинин окуу-усулдук процесстеринин жана илимий изилдөө иштерин уюштуруунун абалы каралат.

**Калматов Р.К.:** Анда факультетте өз ара кафедралардын окуу-усулдук процесстеринин жана илимий изилдөө иштерин уюштуруунун абалы карoo үчүн комиссияга сунуш жана ар бир кафедрадан бирден мүчө бериңиздер.

Бул маселе боюнча ОшМУнун сунуш жана жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде Окумуштуулар Кеңеши

**ТОКТОМ кылат:**

1. Март айында ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинде Эл аралык медицина факультетинин окуу-усулдук процесстеринин жана илимий изилдөө иштерин уюштуруунун абалы маселесине карата факультеттин ичинде өз ара анализ жүргүзүү үчүн комиссия түзүлсүн жана комиссия ар бир кафедраны мартка чейин, карап, анализдешсин.

Окумуштуулар Кеңешинин
төрагасы, профессор: Р.К. Калматов

Окумуштуулар Кеңешинин катчысы: Н.М. Ташматова